**2019-2022-окуу жылындагы №82 жалпы билим берүү орто мектебинин китепкананын жылдык иш пландын негизинде аткарылган иштери боюнча анализи**

Мектепте китепкана Чыңгыз Айтматовдун наамын алып жүрөт. Китепканада дайыма окуучулар менен бирдикте ар кандай иш чаралар өтүп турат. Ар жыл сайын жылдын башында мугалимдерди, окуучуларды китеп менен камсыздандыргандан кийин октябрь айында салттуу түрдө биринчи класстарды китепканага саякат жасатабыз, 20-25-сентябрларда жыл сайын китеп көргөзмөсү өтөт.

23-сентябрда "Мамлекеттик тил күнү" жыл сайын белгиленет. Окуучуларга китепкана тарабынан докладдар окулат, адабий кечелер өткөрүлөт, кыргыз тили мугалимдери жана окуучулар менен бирдикте октябрь, ноябрь айларында төмөнкү жана жогорку класстарда күз майрамын белгилейбиз. Китепканада тегерек стол, китеп көргөзмөсү, баяндама жана тематикалык кечелер өтүлүп турат.

2017-2018-жылдары 2-4-класстар арасында "Бирге окуйбуз" деген долбоордун үстүндө тынымсыз класстар аралык таймашуу сабактарын өткөрдүк. Бул долбоорго ата-энелер жана окуучулар активдүү катышып беришти. Мындай сыныктар окуучулар менен ата-энелерди биргелешип жомок окууга, ар кандай коомдук иштерге активдүү катышууга өбөлго болду.

1-4-класстар арасында "Бөбөк сенин жомогуң", "Жомоктор дүйнөсүнө саякат" таймашуулары жогорку деңгээлде өтүп жатты. Бул иш чарага класс жетекчилер жана окуучулар активдүү катышышты.

2021-2022-окуу жылында "Окуу керемет" долбоорунун негизинде иш алып барып жатабыз. 2018-2019-окуу жылында жогорку класстар арасында "Билим менен мен дүйнөнү багынтам" деген темада класстар аралык таймашты өткордук. Таймаш окуучуларды мектеп программасын кайталоого, кошумча адабий китептерди окууга,ыр, бий, сүрөт тартуу жагынан да активдүү болууга үйрөттү.

Сканировано с CamScanner

4-декабрда Манас күнүн, 12-декабрь Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата жыл сайын кечелер тегерек столдор өткөрүлүп турат, докладдар окулат.

23-февралга карата "Мекенди коргоо ыйык милдет", "Афган жоокерлеринин эрдиги унутулбайт" сыяктуу темаларда класстар арасында докладдар окулат, таймашуу сабактары, кече өткөрүлөт. Акын жазуучулар менен китепканада жолугушуулар өткөрүлүп турат. Мисалы жазуучу, акын Бактыгүл Чотурова, Зинакан Кайыпова, Карбалас Бакиров, Бердибек Жамгырчиевдер менен 9-11-класстарга жолугушуу өткөрүлдү. Кыргыз тили мугалимдери жана класс жетекчилер менен бирдикте. Бул акын жазуучулар менен жолугушуу окуучуларга чон таасир калтырды. Окуучуларга кол жазмасы менен жазылган китептерин белекке берип кетишти. Китепканага дагы 120 китеп белекке беришти.

23-апрелде класс жетекчилер жана окуучулар менен бирдикте жыл сайын "Китеп күнү" белгиленет. Мисалы: "Китеп билим булагы", "Мен дүйнөнү багынтам", "Китеп менин акылым, китеп менин жакыным" деген темаларда чоң иш чаралар өтүлдү.

2022-окуу жылында 23-сентябрь-Мамлекеттик тил күнүнө карата, Түгөлбай Сыдыкбековдун 110 жылдыгына карата, Семетейчи Жаңыбай Кожек уулунун 153 жылдыгына карата китепканада китеп жана сүрөт көргөзмөсү уюштурулуп, докладдар окулду.

2022-жылы 5-декабрда 2-класстар арасында "Жомоктор дүйнөсүнө саякат" таймашы өткөрүлдү. Таймашка эки окуучу жана эки ата-энеден түзүлгөн командалар катышышты.

2022-жылы 6-декабрьда Чыңгыз Айтматовдун 94 жылдыгына карата "Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары обондуу ырларда" атту лирикалык кече 8-класстар менен бирдикте өткөрүлдү. Мында окуучулар Айтматовдун чыгармалары боюнча сүрөт көргөзмөсүн көрсөтө алышты, чыгармаларынан үзүндүлөрдү аткарышты Айтматовдун чыгармалары боюнча жазылган обондуу ырларды аткарышты.

Китепкана башчысы: Өмүркулова Б.К.

Сканировано с CamScanner